**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Самат Аскарович Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 17-январындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

**ТОКТОМУ**

2020-жылдын 12-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу К.А. Дуйшеев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, катчы Ж.А. Лобанованын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, С.А. Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 17-январындагы № 2 аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана С.А. Матцаковдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2019-жылдын 13-декабрында С.А. Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин мыйзамсыз баюу үчүн жоопкерчиликти караштырган 323-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

С.А. Матцаковдун өтүнүчүнөн келип чыккандай, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-беренесинин 2-бөлүгү жоопкерчиликти белгилөөчү жазык мыйзамы окшоштук боюнча колдонулбайт деп караштырат.

С.А. Матцаковдун пикири боюнча бул конституциялык принцип Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 3-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүндө чагылдырылган, алар менен жазык мыйзамы жазалануучу жосунду (аракет же аракетсиздик) так жана айкын аныктоого тийиш жана кеңири чечмелөөгө жатпайт, жазык мыйзамын аналогу боюнча колдонууга тыюу салынат деп белгиленген.

Арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин талашылып жаткан 323-беренесинин диспозициясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 3-беренесине карама-каршы келет деп болжойт, анткени анын пикири боюнча юридикалык аныктык принциби деп Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси менен кылмыш үчүн жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн негиздерди, ошондой эле кылмыш курамынын бардык белгилерин так аныктоо мүмкүндүгү түшүнүлүүдө.Ал эми анын талашылып жаткан ченеми мыйзамдын колдонулушунун божомолунун жана аныктыгынын талаптарына

жооп бербейт жана аларды бирдей эмес колдонууга жол берет, объективдүү мүнөздөмөсү жок, болгону гана мыйзамсыз баюу - бул толук эки жыл, толук беш жыл үчүн мыйзамдуу булактар аркылуу тастыкталган расмий кирешелерден наркы ашып кеткен мүлктү кызмат адамы тарабынан менчикке (пайдаланууга) сатып алуусу же ал адамдын мындай мүлктү жакын туугандарына өткөрүп берүүсү деп көрсөтөт.

Арыздануучуда Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 323-беренесине карата жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөрдүн эсептелиниши, мамлекеттик кызматта ишмердигин токтоткон адамдарга карата бул ченемдин колдонулушу, териштирүүлөрдүн жүргүзүлүшүнүн караштуулугу, кызмат адамы тарабынан мүлктү сатып алууну ырастоо процедурасы тууралында бир катар процесстик мүнөздөгү суроолорду пайда кылды.

Андан тышкары, кайрылуу субъектисинде көрсөтүлгөн березенин диспозициясынын өзү тууралында суроолор жаралды, тактап айткандакайсы аракеттер кызмат адамынын расмий кирешелерин ашырып жиберүүсүнө алып келет, мамлекеттик кызматчынын кайсы аракеттери жакын тууганынын мүлкүн башкаруусун тикелей же кыйыр жүзөгө ашырарын билдирет.

Арызданууч кайрылуусунда талашылып жаткан ченем кылмыш үчүн жоопкерчиликти белгилеп, бирок ага себеп болгон жосунду көрсөтпөйт деп белгилеген. Кайрылуучу тараптын пикири боюнча ушул берененин кемчилиги болуп кызмат адамынын менчигиндеги активдер үчүн гана эмес, үчүнчү жак болуп саналган жакын туугандары ээлик кылган мүлккө да жазык жоопкерчиликти белгилөөсү болуп саналат.

С.А.Матцаков көңүлдү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 25-июнундагы Чечимине басым жасаган, аны менен 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин «Мыйзамсыз баюу» деген 308-1-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп таанылган. Аны менен бирге, анын пикири боюнча 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 308-1-беренесинин Кыргыз

Республикасынын Жазык кодексинин колдонуудагы редакциясынын 323-беренесине трансформациялоонун натыйжасында анын мазмуну Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы Конвенциясынын 20-беренесине карама-каршы келип калган, анткени ушул Конвенция менен Конституцияны сактоошарты жана катышуучу болгон мамлекеттин укуктук тутумунун негиз салуучу принциптери каралган, аны менен атайылап мыйзамсыз баюуну, тактап айтканда эл алдындагы кызмат адамынын ал акылга сыйгандай кылып негиздеп бере ала турган мыйзамдуу кирешелерин алда канча ашкан активдеринин  бир кыйла көбөйүшүн кылмыш деп таануу үчүн зарыл болгон мындай мыйзам чыгаруу жана башка чараларын кабыл алуу мүмкүндүгүн караштырат.

Арыздануучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгү менен Кыргыз Республикасы катышуучу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин, ошондой эле жалпыга таанылган принциптер жана эл аралык укуктун ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун бир бөлүгү болуп саналат, ал эми аталган Конвенция кызмат адамынын активдеринин бир кыйла көбөйүшү үчүн гана жоопкерчиликти белгилейт жана ага таандык эмес, тактап айтканда үчүнчү жак болуп саналган жакын туугандарынын менчигиндеги жана ал ага ээ эмес мүлк үчүн жооп беришин эч кандай болжобойт деп баса белгилеген.

С.А. Матцаковдун пикири боюнча мыйзам чыгаруучуга мыйзамсыз баюу боюнча кызматтык жана сотко чейинки териштирүү процедурасын дыкаттык менен регламенттеген мыйзамды иштеп чыгып, кабыл алуусу зарыл болуучу. Бул категориядагы кылмыштар коррупциялык көрүнүштөрдүн санынакиргендиктен, мыйзамсыз баюу боюнча дүйнөлүк тажрыйбаны изилдеп жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 323-беренесин колдонуу тартибинин жана шарттарынын маңызын ачпаган жана техникалык мыйзамдар болуп саналган, тактап айтканда

ратификациялоо жөнүндө жана колдонууга киргизүү жөнүндө эки мыйзамды кабыл алуу менен чектелбеш керек эле.

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууучу талашылып жаткан ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2020-жылдын 17-январындагы № 2 аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Мында судьялар коллегиясы ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясына ылайык белгилүү бир чөйрөдөгү коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу конституциялык принциптерге жана орнотмолорго каршы кабыл алынганын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилдикке алынган жарандардын укуктары менен эркиндиктерин бузуп жатканын ырастаган укуктук мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана алардын конституциялуулугу туурасында маселе коюлушу мүмкүн деп аныктамада белгилеген.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы кайрылуучунун аргументтелбеген укуктук көз карашысыз талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык келбөөсү жөнүндөгү маселенин коюлушу анын конституциялуу эместигинде күмөндүүлүктү жаратпайт, жогоруда келтирилген талап кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу үчүн сөзсүз шарт болуп саналат деп белгилеген.

Аныктамада 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин «мыйзамсыз баюуну» караштырган 308-1-беренесинин конституциялуулугунун маселеси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароо предмети болгон, анын жыйынтыгы боюнча 2014-жылдын 25-июнунда Чечим чыгарылган деп да белгиленген. Аталган Чечимде кызмат адамынын анын мыйзамдуу кирешелеринен ашкан активдеринин бир кыйла көбөйүшүнүн укук

ченемдүүлүгүн далилдөө милдети, анын коомдук-укуктук статусунун жана кызматтык ишмердигинин өзгөчөлөгүнөн келип чыккан милдеттердин алкагында жүзөгө ашырылат жана жазык сот өндүрүшүнүн алкагында өзүнүн айыбы жоктугун далилдөөсү катары каралбайт.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык өзүнүн аныктамасында, эгерде кайрылуудагы маселенин конституциялуулугу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан текшерилген болсо жана анын күчүндө турган акты болсо, анда судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп көрсөткөн.

С.А.Матцаков судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, 2020-жылдын 3-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

С.А. Матцаков Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин мурдагы редакциясынын 308-1-беренесине караганда башка мазмундагы диспозицияны караган Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин колдонуудагы редакциясынын 323-беренесин талашылып жатканын белгилейт.

Алсак, талашылып жаткан ченемде активдер жана кирешелер деген айрым терминдер жок. Кайрылуунун субъекти актив деп жеке адамдын ар кандай менчик формасында таандык болгон жана киреше алып келүүгө жөндөмдүү болгон ресурстардын бардык түрлөрүн түшүнсө болот деп белгилейт. Активдер өз кезегинде кирешелерге, акчалай каражаттарына, сатып алынган баалуулуктар боюнча КНСке, изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын жыйынтыктарына, финансы салымдарына, айланма каражаттарына жана башкаларга бөлүнөт.

С.А. Матцаков мыйзам чыгаруучу көрсөтүлүп жаткан беренени кызмат адамы тарабынан жакын туугандарына кирешесинен ашкан мүлктү бергени

үчүн дагы жоопкерчиликти караган жобо менен толуктаган деп белгилейт. Бирок, анын пикири боюнча мыйзам чыгаруучу туугандарынын кайсынысы, алардын ичинен кайсынысы жакын тууган, канчалык жакын тууган экендигине, жаш курагына түшүндүрмө берген эмес дейт.

Андан тышкары, кайрылуунун субъекти талашылып жаткан ченемде себеп болгон жосунду көрсөтпөстөн кылмыш үчүн жоопкерчилик тууралуу сөз жүрүп жатат деп эсептейт. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин мыйзамсыз баюуга тийиштүү 323-беренесинин туюнтмасы даана релеванттуу эместиги менен айырмаланат, анткени мыйзамсыздык укуктук тыюу салууну бузгандан эмес, а кызмат адамынын анын мыйзамдуу кирешелеринен нагыз активдеринин көп болгонун негиздеп берүү мүмкүндүгүнүн жоктугунан келип чыгууда.

Баяндалганды эске алуу менен, арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 17-январындагы № 2 аныктамасынын жокко чыгарууну жана өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы С.А. Матцаковдун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келүүдө.

2014-жылдын 25-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 1997-жылдын 1-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин бүгүнкү күндө күчүн жоготкон мыйзамсыз баюу үчүн жазык жоопкерчилигин караштырган 308-1-беренесинин конституциялуулугун текшерүүнү жүзөгө ашырган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жогоруда көрсөтүлгөн ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп таануу менен, бул кылмыштын курамынын укуктук маңызына ар тараптуу баа берген. Анын 2017-жылдын 2-февралындагы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 323-

беренесине трансформациялануусу жана айрым түшүндүрмөлөр менен диспозициянын туюнтулушунун өзгөрүүсү ушул берененин диспозициясын туюндурууда колдонулган жана кабыл алынган Чечимде ар тараптуу ачылган укуктук түшүнүктөрдүн алкагын өзгөрткөн эмес. Арызлануучунун Жазык кодексинин 323-беренесинде үчүнчү жактарды негизсиз жоопкерчиликке алып келүүчү жакын туугандарына мүлктү өткөрүп берүү туурасында мындай жаңы элементинин бар болушу жөнүндө ырастоосу негизсиз болуп саналат, анткени бардык учурларда сөз мыйзамсыз табылган мүлктүн күнөөлүү кызмат адамына таандыктыгы жөнүндө болууда

Арызлануучунун калган жүйөлөрү бүтүндөй укук колдонуу тегиздигинде турат жана конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети боло албайт.

С.А. Матцаков тарабынан коюлган маселенин конституциялуулугу Конституциялык палата тарабынан текшерилгендиктен жана өз күчүн сактаган акт болгондуктан, судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Андан тышкары, судьялар коллегиясынын кайрылууда билдирилген талаптардын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө көрсөтүлгөн адамдын жана жарандын конкреттүү укуктары жана эркиндиктери менен тутумдаш байланышка ээ эмес жана алардын талашылып жаткан ченем менен бузууларды көрсөтпөйт деген тыянактары негиздүү болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы судьялар коллегиясынын 2020-жылдын 17-январындагы № 2 аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин,

51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Самат Аскарович Матцаковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Самат Аскарович Матцаковдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2020-жылдын 17-январындагы № 2 аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**